ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ПРОФЕССИОНАЛДЫК АДАПТАЦИЯЛОО ПРОЦЕССИНИН СУБЬЕКТИСИ ЖАНА АДАПТАЦИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

**ЖАПАРОВА К.Б. НГУ им. С.НААМАТОВА**
*nsu@ktnet.kg*

*Аннотация*
*Бул макалада профессионалдык адаптациялоо процессинии субьектиси болгон жаш мугалимдердин адаптациялоо маселелериндеги психологиялык жагдайлар жана пайда болгон кыйынчылыктарды жоё билүү жолдору каралат.*

*Аннотация*
*В данной статье рассматриваются вопросы процесса профессиональной адаптации субүекта, психологические обстоятельства, возникшие трудности и пути их решения.*

*Annotation*
*This article deals with the issues of professional adaptation process of the subject, psychological conditions and ways of solving.*

Акыркы жылдарда чет өлкөлөрдө кеңири масштабдагы адаптациялоо процессинин субьектисинин педагогикалык-психологиялык маселелери боюнча педагогикалык илимий изилдөө иштерин университет аралык, мамлекеттер аралык илимий борборлор жүргүзүп келишет. Инсандын адаптациялануу маселелери мамлекеттин кызыкчылыктарынын борборунда турат. Америка Кошмо Штаттарында инсан менен чөйрөнүн ортосундагы байланыш терең изилденген. Натыйжада «стресс-адаптация» концепциялары ар түрдүү деңгээлде каралып, профессионалдык адаптация маселелери дээрлик чечилген.

Адаптациялоонун негизин сырткы жана ички «тоскоолдуктарды» жеңүүчү системанын аныктоосу түзөт. Белгилүү болгондой педагогикалык жана адаптациялоо процесстери теориялык жактан дагы, практикалык жактан дагы, бири —биринен ажырагыс процесстер болуп саналат. Эгерде жаш мугалимдин ишмердүүлүгүнө окуучулар көнүшпөсө, анын методикасы менен тааныш болбосо, колдонгон лексикасы түшүнүксүз болсо, окуу процесси техникалык каражаттар менен жабдылбаса, анда берилип жаткан материал жеткиликтүү деңгээлде берилбеси анык. Традициялык ыкмалар менен жүрүп жаткан педагогикалык процессте деле, айрым учурда окуучуга жагымсыз, ыңгайсыз абалдар, дидактикалык мүчүлүштүктөр, технологиялык каталыктар конфликттерди жаратышы толук мүмкүн.

Жаңыдан ишмердүүлүгүн баштап жаткан мугалимдер канчалык бат, кесиптик кыйынчылыктарды жеңүүгө үйрөнсө, адаптациялык процесстин жүрүшү жыйынтыктуу болот, башкача айтканда адаптациялык процесс нормалдуу жүрөт. Тескерисинче, адаптациялоо процессин атайын уюштурбаган учурда психикалык дискомфорт пайда болуп, дезадаптацияны пайда кылат. Бул жерде дискомфорт — жагымсыз жагдай, дезадаптация — адаптация процессинин тескери жагына кетиши.

Азыркы мезгилде адаптациялоо процесси - педагогдор жана окуучулардын өз ара мамилесинин жалпыланышы, башкача айтканда эмпирикалык түрдө, кетирген катачылыктардын негизинде, демек, интуициянын деңгээлинде жүрөт. Ушундан улам педагогикалык адаптациялоону, профессионалдык кыйынчылыктарды жеңүүгө мектептин босогосун аттаганда эмес, студенттик аудиториядан эле баштоо зарылчылыгы пайда болот.

Теоретикалык аспектте көрсөтүлгөн илимий маселенин генезисин андап билүү маанилүү. Адаптация процесси планеталык масштабдагы кубулуштарга жана процесстердин катарына кирет. Ал бардык жандуу жаратылышты камтыйт, ар биринин, анын ичинде адамдын жашоо жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат. Анын масштабдуулугун, тереңдигин жана ар кылдуулугун эске алып, изилдөөнүн инструментарийи адекваттуу болушу керек, анткени ал бул феномендин кандай гана болбосун фактордон көз карандылыгын шарттайт. Атайын адабияттарда, адаптация процессинин «редуктордук» тибин төмөндөгүчө логикалык байланышта көрсөтүшкөн: «стрессор (токтотуу)» - «стресс» - «адаптация» [1,2,3,4]. Бул жерден «стрессор» деп адамдын ички кыйналуусунун пайда болушунун конкреттүү себеби эсептелет, ал өз убагында жоюлбаса, анда ал «стресстик» абалга өтөт б.а. кыйналат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Көп жылдык тажрыйбасы бар педагогдо убакыттын өтүшү менен аныкталган профессионалдык ишмердүүлүктүн системасы калыптанат. Бирок адаттагы «ротация» (орун алмашуу) процессинде тажрыйбалуу педагог — чеберлердин ордуна жаш мугалимдер келет.

Жаш педагогдорду адаптациялоо маселеси - азыркы учурда кенен жана интенсивдүү түрдө медико-биологиялык, социалдык- экономикалык, психико-педагогикалык жана социалдык-педагогикалык деңгээлде изилденүүдө. М.Дамидявичюс, Ф. Меерсон, О.П.Рылколор илимдин өнүгүүсүнө байланыштуу илим-билимдин ар кайсы тармактарында «адаптация» түшүнүгү киргендигин мүнөздүү түрдө белгилешет. Бул азыркы учурда коомдук, техникалык жана табигый илимдерде кеңири колдонулат. Коюлган изилдөөнүн максаты жана талабына ылайык «адаптация», «кесиптик адаптациялоо»- терминдеринин маанисин анализдеп, алардын өз ара байланышын жана айырмасын аныктап, андан сырткары «баштоочу мугалим» жана «жаш мугалим» деген түшүнүктөрдү киргизишкен. [5]

Баштоочу мугалимдин катарына мектепте эки жылдан кем эмес иштеген педагогдор кирет. Алар чыгармачылык изденүүнүн стадиясында болуп, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды кабыл алып, өздөрүнүн жекече профессионалдык стилин издешет. Алардын иш тажрыйбасы башка сферада, чыгармачылыктын башка тармактарында болушу мумкун.

Жаш мугалимдин катарына беш жылга чейинки эмгек тажрыйбасы бар мугалимдердин категориясын киргизебиз. Буларда бир аз иш тажрыйбасы жыйналган. Бул учурда көпчүлүк педагогдордо өзүлөрүнүн мүмкүнчүлүгүн баалоо пайда болуп, кыйынчылыктар жана жетишкендиктер, ийгиликке жетүүнүн (оң жактары) ыңгайлуу учурлары анык болот.

Баштоочу мугалим — профессионалдык адаптациялоонун баштапкы стадиясында, ал эми жаш мугалим профессионалдык адаптациялоону ийгиликтүү жыйынтыктоонун стадиясында болот. Жаш мугалимди профессионалдык адаптациялоонун структуралык элементтерин карап чыгып, анын ишиндеги чыгармачылыктын баштапкы периодунда пайда болуучу кыйынчылыктар жана маселелер боюнча максатка багытталган, педагогикалык башкаруу процессинин зарылчылыгы тууралуу жыйынтыкка келдик.

Мугалимдик кесип - адаптациялоо процессинин обүектиси катары каралып, жогорку жана орто билим берүүчү окуу жайларын аяктаган келечектеги педагогдорго өздүк кулк — мүнөзүнөн четтеп, кесиптик мааниге ээ болгон кулк —мүнөзгө өтүүгө шарт түзүүгө багытталган. Мында кесиптик мааниге ээ болгон кулк — мүнөзгө: өзүнүн кесибин, кесибинин ыкмаларын жана көндүмдөрүн жогорку деңгээлде өздөштүрө билүүсү, ошондой эле педагогдук компетенттүүлүгү, жаңы маалыматтык технологияга ээ болуу жана башкалар.

Профессионалдык адаптациялоонун негизинде, динамикалык кубулуш катары берилген адаптациялоонун субьектиси менен обьектисинин мүнөздөмөсүнүн карама-каршылыктары жатат. Бул карама —каршылыктар педагогдун өздүк инсандык кулк-мүнөзүн аныкталган деңгээлде өзгөртүп түзүп, профессионалдык кулк-мүнөзгө ээ болуу - адаптациялоонун динамикалык процесстин жүрүшү менен чечилет. Белгилүү болгондой, бардык ишмердүүлүк, аныкталган деңгээлдеги кыйынчылыктарды туудурат. Мында Т.С. Поляккованын аныктамасында “кыйынчылык” - бул аныкталган бир ишмердүүлүктү аткаруунун зарылчылыгы жана ошол эле ишмердүүлүктү аткарууда өздүк билимдин жана көндүмдөрдүн жетишсиздигинин ортосундагы карама-каршылык катары берилген[6]. Ал эми профессионалдык карама- каршылыктардын көпчүлүгү жаш педагогдун ишмердүүлүгүнүн эң алгачкы этабында орун алат. Карама-каршылыктар өнүгүүнүн гана булагы эмес, белгилүү шарттарда, тескерисинче токтотуучу факторго айланышы ыктымал. Ошондуктан карама-каршылыктарды өз убагында аныктоо, аларды чечүү педагогикалык ишмердүүлүктүктөгү кыйынчылыктарды чечүүгө шарт түзөт.

Демек, «адаптация» категориясын ар түрдүү аспектиде кароо зарыл. Изилдөөдө профессионалдык адаптациялоо процессин - педагогикалык чыгармачылыктын максатын жана талабын аңдап билүү, активдүүлүктү пайда кылуу, жаңы чыгармачыл чөйрөгө аралашуу жана өзүнүн чыгармачылыгын өнүктүрүүчү процесс катары карайбыз. Адаптациялоо процессинин жүрүшү менен ар бир педагогдун өзүнүн ишине канааттануунун келип чыгышынын, профессионалдык деңгээлинин өнүгүүсүнүн дидактикалык шарты болуп калат.

Колдонулган адабияттар:


1. Зеркин Д.П. Основы конфликтологии. Ростов-на-Дону: Феникс, 1998 — 480-б.
2. Педагогика и психология. ВШ. Под.ред.С.И.Самыгинаю Ростов-на-Доную Феникс, 1998- 544-б.
3. Рабочая книга практиканта психолога: технология эффект профдеятельности. — М.: Кр.пл.1996-400-б.
4. Смирнов С.Д. Педагогика и психология высшего образования — М.: Аспект — пресс, 1995 — 271-б.
5. Чемоданова Г.И. Совершенствование практических навыков молодого учителя в условиях обнеобразовательной школы. — Диссертация — Караганда 2007.
6. Полякова Т.С. Проблемы профессиональной готовности молодого учителя к практической деятельности. Кокшетау. — 2004.
7. Селье Г. Стресс жизни. — М.: Прогресс, 1956; др.
8. Сластенин В.А., др. Педагогика. — М.: Школа-Пресс., 2000. - 512. б.
9. Талызина Н.Ф. Теоретические проблемы разработки модели специалиста // Совр. высшая школа. -М: МГУ, 1986. - № 2. — С. 134-194.
10. Шиян О.А. После университетский тренинг учителей в США: Новые ориентиры // Педагогика. — 1996. - № 1. — С. 104-108.